# Эңсөө

Көп жылдар акты, дайрадай түтөп,

Көрбөстөн сени, кусалык күчөп.

Тагдырым болбой, кай жакта калдың?

Ууздай дүйнө эсиме түшөт.

Кайдасың менин, көк толкун бактым?

Кулагыма үнүң угулат.

Жаштыгым алдың, өзөккө баттым,

Азыр да менде арман тыйылбайт.

Өрүкзар болот, баспай көз кайра,

Өрүлбөйт сенин чачтарың майда.

Жүрөктү бийлеп умсунтуп турган,

Жийде курак мезгилиң кайда?

Кай жакта калды жылдыздуу түндөр?

Жалынсам кайра, кайра келеби?

Жаз келди мына, жайнады гүлдөр,

Шыбырайт сүйүү, сүйүү илеби.

Азыр да менде арман тыйылбайт…